академиялык карызы бар болгон учурда окуучулар, кийинки класска болжол менен которулууга болот. Башталгыч, жалпы негизги жана жалпы билим берүү баскычтарында, окуу жылынын программасын өздөштүрө албаган болсо жана эки же андан көп сабактар боюнча академиялык карызы барлар, кайра ордунда окууга калышат.

Окуучуларды которуу кандай болгон күндө дагы Педагогикалык кеңешинин чечими боюнча ишке ашырылат. Жалпы билим берүүнүн мурунку программасынын өздөштүрө албаган окуучулар, окуунун кийинки жалпы билим берүүнүн баскычына өтүүсүнө жол берилбейт.

6.11. Билим берүү мекемеси окуучунун жана анын ата-энеси (же башка өкүлдөрүнүн) калоосу боюнча Жалпы билим берүү программаларын же жеке бөлүктөрүн, үй-бүлөлүк билим берүү, өз алдынча билим алуу, экстерна же сырттан окуу формасында өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтөт .

6.12. Жалпы билим берүү мекемесинин (Педагогикалык кеңешинин) чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу жана жергиликтүү органдын макулдугу боюнча укук бузууга каршы иш-аракеттерди жасаган жана жалпы билим берүү мекеменин уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн он беш жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары жалпы билим берүү мекемесинен чыгарууга жол берилет.

Бир нече жолу жасалган бузуу - окуучулардын, кайталанып, эреже катары, тартипти одоно бузганы үчүн жалпы билим берүү мекемесинин директору тарабынан салынган эки же андан көп тартиптик жаза алган дегенди билдирет.

Тартипти одоно бузуу бул оор кесепеттерге алып келген же оор кесепеттерге алып келиши мүмкүн деген бузуунун түрлөрү:

- жалпы билим берүү мекемесинин окуучуларына, кызматкерлерине, конокторунун өмүрүнө жана ден-соолугуна зыян келтирүү;
- жалпы билим берүү мекемесинин мүлкүнө, окуучуларына, кызматкерлерине, конокторуна зыян келтирүү,

Окуучу жана ата-энеси (аларды алмаштырган адамдар) келтирген материалдык зыянды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толтурулат.

Ата-энесиз калган жетим балдарды (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) чыгаруу жөнүндө чечим, камкордук органдарын алдын ала макулдугу менен гана мугалимдердин кеңеши кабыл алат.

Окуучуну окуудан чыгаруу жөнүндө мугалимдердин кеңешинин чечими, жалпы билим берүү мекемесинин директорунун буйругу менен кабыл алынат. Окуучуну окуудан чыгаруу жөнүндө чечимди, жалпы билим берүү мекемесинин директору үч күндүн ичинде тиешелүү жергиликтүү органдарга жарыялайт. Тиешелүү жергиликтүү органдар менен окуудан чыгарылгандын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) бир айдын ичинде баланы жумушка орноштуруу же башка билим берүү мекемеде окуусун улантуу жөнүндө чара көрөт. Чыгаруу процедурасы окуучунун жалпы билим берүү мекемесинин демилге берүү жана жаза берүү эрежелеринде көрсөтүлөт да, бул эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы болууга мүмкүн эмес.

6.13. Жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт. Жалпы билим берүү мекемесинин бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо аттестациясы Кыргыз Республикасынын мектебинин бүтүрүүчүлөрү жөнүндө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде жүргүзүлөт.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн жалпы билим берүү мекемесинин бүтүрүүчүлорүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жалпы билим берүү уюмунун герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ тапшырылат. Орто жалпы билим берүү, жалпы билим берүү программасынын өздөштүрүүдө өзгөчө жетишкендиктерге жеткен бүтүрүүчүгө өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестат берилет.

